# Т.Асранов атындагы инновациялык орто мектеби

## Класс жетекчинин милдеттери

1.Журналды жүргүзүү

2.Окуучулардын өздүк делолорун жүргүзүү

3.Класс жамаатын уюштуруу: тапшырмаларды бөлүштүрүү, актив менен иштөө, класстын окуучуларын мектептин кенешине багыттоо, нөөмөтчүлүк ишине көмөктөшүү.

4.Бекитилип берилген каанадагы санитардык – гигиеналык номаларды сактоо

5.Тарбиялануучулардын тышкы көрүнүшүнө кам көрүү

6.Класс муктаждыктарын каржы жактан колдоого кам көрүү

7.Окуучулардын сабакка келүүсүн көзөмөлдөө (сабактарды себепсиз калтырган окуучуларды ат – энелер менен биргеликте көзөмөлдөйт тарбиялоого оор балдар боюнча социалдык педагог менен байланышат).

8.Окуу үчүн шыктандыруу чөйрөсүн түзүү

9.Классменен иштеген мугалимдердин ишмердүүлүгүн координациялоо.

10.Окуучулардын күндөлүктөрү менен иштөө алардын жетишүүсү боюнча ата – энелери менен байланышуу

11.Таланттуу балдардын өнүгүүсүнө жаодамдашуу окуучулардын таанып – билүү кызыгууларын өнүктүрүү, ой өрүшүн кеңейтүү (ийримдерге, факультативдик сабактарга конкурстарга, викториналарга олимпиадаларга, кароолорго тартуу; экскурцияларды уюштуруу; театрга, көргөзмөлөргө алып баруу).

12.Окуучулар менен иштөө үчүн психологду тартуу (аңгемелешүүлөр циклы, жекече сунуштамалар).

13.Класста жагымдуу микроклиматты түзүү, инсан аралык мамилелерди жөнгө салуу.

14.Айрым окуучуларды же бутүндөй классты тартуу менен класста чыгармачылык иштерди уюштуруу.

15.Ден соолукту сактоо боюнча иш чараларды ар бир окуучунун өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен уюштуруу.

16.Класстык сааттарды, жыйналыштарды, аңгемелешүүлөрдү, ачык сүйлөшүүлөрдү эсепке алуу менен уюштуруу.

17.Колдо бар методикаларга, класста иштеген мугалимдердин жана ата – энелердин пикирлерине ылайык окуучулардын инсанын иликтөө.

18.Окуучулардын мүнөздөмөлөрү менен иштөө.

19.Окуучуларга кесип тандоого жардам берүү.

20.Ата – эненин кароосуз калган балдардын (эгерде класста бар болсо) укугун коргоо.

21.Социалдык жактан коргоосуз категориядагы балдарды эсепке алуу.

22.Үй бүлөсү проблемалуу балдарды эсепке алуу.

23.Тарбиясы оор өспүрүмдөрдүн, тобокел тобундагы жан жашы жете электердин иштери боюнча инспекцияда каттодо турган балдардын жүрүм – турумуна байкоо жургузүү.

24.Чейрек сайын ата – энелер үчун тематикалык жыйналыштарды өткөрүү.

25.Үй булөлөрдөгү тарбия шарттарын иликтөө.

26.Ата – энелер менен жекече иштөө

27.Класстан окуудан тышкаркы ишмердүүлүгүн уюштурууга ата – энелерди тартуу.